| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>СОКУЛУК ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>РАЙОНУ<br>ЖАНЫ-ПАХТА АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН<br>ЖАНЫ-ПАХТА АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

**ТОКТОМ № 29-5\5**

29-чакырылыштын 5- сессиясы 21.01. 2025-ж

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы № 54 “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү урп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгынын негизинде, “ Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 Жарлыгына Байланыштуу, Жаны-Пахта айылдык кеңеши:

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жаны-Пахта айыл аймагы боюнча үй-бүлөлөрдүк салтанаттарды жана маркумдарды эскерүү үрп адаттары боюнча бардык айылдарда ашыкча чыгым кылып өткөзүлбөсүн;

2. Аза күткөн маркумдун үйүндө мал союлбасын;

3. “ Үй-бүлөлүк салттанаттарды жана маркумду коюу каадасы өткөрүү жөнүндө” жобосу №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Жаны-Пахта айыл өкмөтүнүн башчысы Абдыкеримов М. Кке жүктолсүн

**Жаңы-Пахта айылдык кеңешинин төрагасы** **Бердигулов А.М.**

Тиркеме №1
Бекитилди
Жаны-пахта айылдык кеңешинин
№29-5\5 Токтому менен
21-январь 2025-ж.

**Жобо**

**Жаны- Пахта айыл аймагындагы үйлөнүү, үй-бүлөлүк юбилей майрамдарын, үй-бүлөлүк эскерүү каада салттарды жана өлгөндөрдү эскерүүгө арналган иш-чаралар жөнүндө**

**1. Жалпы жобо**

1. Бул Жобо “ Кыргыз Республикасындаүй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарды иретке келтирүү чаралар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралында ПЖ №54 Жарлыгын аткаруу максатында иштелип чыкты.

2. Каада-салттарды, салтанаттарды жана ырым-жырымдарды иретке келтирүү боюнча иш-чаралар бул руханий -адеп-ахлактык негиздерин турукташтыруу үчүн көрүлүүчү чаралардын тизмеси, социалдык адилеттикти камсыз кылуу , калк арасында айрыкча сарамжалдуу жаштардын калыптанышы, салтанаттарды жана ырым-жырымдарды өткөрүүдө ысырапкорчулук маселелерине карата мамилелер.

3. Каада-салттарды, салтанаттарды жана ырым-жырымдарды иретке келтирүү боюнча иш-чаралар ашыкча чыгымдарды жана ысырапкорчулукту жоюу зарылдыгы салтанаттарды жана ырым-жырымдарды өткөрүүгө жол бербөө улуттук каада салттарга, адеп-ахлакнормаларына карама каршы келген улуттук маданияттын баалуулуктарын коргоо максатында жана элдик каада салттарды урматтоону калыптандыруу, ден соолукту коргоону камсыз кылуу жана калктын адеп ахлагы.
4. Каада-салттарды, салтанаттарды тартипке келтирүү боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу үчүн ошондой эле, сунуштарды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашырууну кабыл алынган Жоболорду көзөмөлгө алуу үчүн, Жаны-Пахта айыл өкмөтүндө комиссия курамы бекитилсин.
5. Үй-бүлөлүк майрамдарды өткөрүүнүн тартиби, үйлөнүү тойлор, юбилейлер жана башка тойлор төмөнкү жобонун негизинде ишке ашырылсын:
6. Салтанаттуу майрамдарды өткөрүүдө негизсин чыгымдарды азайтуу максатында ар кандай социалдык статусу бар жарандардын жашоо шартын эске алып, кайдыгерлик кылбай, курулай убаракерчиликке тыюу салынсын;
7. Үй-бүлөлүк эскерүү ырым-жырымдарды жана маркумдарды эскерүүгө арналган иш-чараларга иш-чараларга бодо мал союлбасын ;
8. Каза болгон жарандар үй-бүлөсүнө мал жандыгы союлбасын ;
9. Жаны-Пахта айыл өкмөтү тарабынан түзүлгөн комиссиянын курамы жобо боюнча тыкыр иш алып барсын, элдер менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн;
10. Бул жобонун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.